
# Талашкандан корком



Автор: Мира Абдиметалиева
Сүрөтчү: Сайкал Картанбаева
Которгон жана адаптациялаган: Сулайман Рысбаев

# Талашкандан корком

Автор: Мира Абдиметалиева
Сүрөтчү: Сайкал Картанбаева
Которгон жана адаптациялаган: Сулайман Рысбаев

Кыргыз тилинде
Бишкек-2022

Copyright © 2022, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган


http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Талашкандан корком", автор Мира Абдиметалиева, сүрөтчү Сайкал Картанбаева, Сулайман Рысбаев тарабынан которулуп адаптацияланган.

*Я боюсь спорить*, Copyright © 2021, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom




Танапис учурунда биз класстагы эң тың окуучубуз Салиманын партасына чогулуп, оюн тууралуу сүйлөшүп калдык.

– Кечээ кечке «Роблокс» ойнодум, – деди Надя. – Менин байкашымча, бул оюн – бүгүнкү күндөгү эң сонун оюн! Акыркы версиясына  дагы кошушуптур...

– Мен «Роблоксту» анча жакшы көрбөйм, – деп анын сөзүн бузду Салима. Ага кимдир бирөө кызыктуу теманы баштаганы жакчу эмес –«ФриФайр» оюнун жактырам, бул накта оюн.

– Мен дагы «ФриФайрды» жактырам, – деп сөзгө Олеся кошулду. Ал Салиманын эң жакын курбусу, дайыма аны колдоп жүрөт.

– «ФриФайр» азыркы учурда интернеттен көчүрүп алуунун саны боюнчаалдыда, – деди Салима баарын билгендей, кыйынсынып.

Мен, адатымча, унчукпадым. Айтсам, жогоруда айткандарга эле кошулмакмын, бирок ошол убакта коңгуроо кагылып калды. Убакыт бүтүп, сүйлөшүүгө катышпай калганым үчүн сүйүнүп да калдым.



Адамдар бир нерсе тууралуу талаша баштаганда, мен дайыма унчукпайм. Ал өз пикиримди,оюмду кантип айтууну билбей жаткандыгымдан эмес. Жөн гана, корком. Мисалы, Салима сыяктуу адамдар, сөзүңдү бөлүп жиберип, ишенимдүү түрдө сүйлөшөт. Мен аны өтө ишенимдүү сүйлөйт деп айтмакмын. Сүйлөсө, өз оюн гана эмес, аны илимий далилдер менен айтып жаткандай айтуу керек. Ал ушунчалык талашып-тартышып сүйлөгөндө, мушташып кетчүдөй көрүнөт. Эгер мен бирөө менен талашып кетсем, акырында сөзсүз урушуп кетем деп ойлойм.




Өткөн жумада бир окуя болду.

Айбек интернеттен жаш нидерланддык лидер Боян Слаттын демилгеси тууралуу окуптур. Анын демилгесине шыктанып, Айбек класска таштандылар үчүн үч чака коюуну сунуш кылды. Бири пластик, экинчиси кагаз, үчүнчүсү калган нерселер үчүн – деп долбоорун айтып берди

Олеся колдоду. Кайра иштетүүчү завод болбогон соң, мунун пайдасы жок деп Арслан каршы болду.

– Макул, таштандыларды ошентип ылгап чогулталы, – деп кызууланды ал, – Андан ары эмне болот?


– Бир нерсе ойлоп табабыз, – деди Олеся. – Жок дегенде, таштандыларды ылгап чогултууга көнүгөбүз. Анан бүт мектепти үйрөтөбүз.

– Машинага салганда, баары-бир аралашып калатда, ким аны ылгап чогултмак эле?

– Сен эмне кылалы дейсиң? Эч нерсе кылбай эле коёлубу? – деди ачууланып Салима. – Эгер биз ушинтип ылгап чогулта баштасак, балким улуулар таштандыларды эмне кылуу керектигин ойлонушар.

– Каалашса, алар эчак бир нерсени жасап коюшмак, – деди  Надя. – Мага, мисалы, ар бирине барып, таштандыларды ылгап чогулткула деп үйрөтүү ыңгайсыз болмок. Баары бир, жыйынтыгында эмне кыларды билбейбиз да.


Талаш-тартыш күчөдү. Ал тургай, класстагы эң момун Самат да четте калган жок. Менболсом, мурдагыдай эле, эч нерсе айта алганым жок.



Апам сөздү туура айтарымды, он эки жашар өспүрүм үчүн оюмду жакшы эле билдире аларымды айтат.

Кыргыз тил мугалими да дилбаянды мыкты жаза турганымды белгилейт.


Бирок досторум менен талашып-тартышканда, өз оюмду айтып бере албай калам. Чынын айтканда, корком.



Кээде бир көйгөйлөрүм пайда болсо, ата-энеме жөнөйм. Кызыгы, кандай тема болсо да, алар менен талашуу мен үчүн коркунучтуу эмес. Алар менен эч качан талашып-тартышпайм да

Атам менин шар сүйлөп жүргөнүмдү жактырат.

– Класста кыздар менен кээде ар кандай темада сүйлөшүп жатып , талашып кетебиз. Кээ бир кыздар, мисалы Салима, же Надя, ойлорун ишенимдүү айта алат, ошондон улам, талаштан утуп чыгышат. Мен... макул болбогон сыяктуу боломбу... же коркомбу? Эгерде талашып баштасам, уруша кетчүдөй сезилет. Мен эч ким менен урушкум келбейт. Бирок дайыма эле менин эч кандай оюм жок сыяктуу, унчукпай коюу туура эмес деп ойлойм.




– Эмне үчүн сен талаш-тартыш уруш-талаш менен бүтөт деп ойлойсуң? – деди атам.

– Билбейм… Кээ бирөөлөр аябай катуу талашышат...

– Маектеш адамың эмоционалдуу болсо да, сен тынч сүйлөй аласың, туурабы?

– Ошентем го, балким...

– Албетте, ошенте аласың... Апаң менен дайыма далилдүү талашасың го деп атам мага тийишип койду.



– Мен мурда таптакыр талашып-тартыша алчу эмесмин. Эгерде мага орой мамиле кылышса, эмне дээримди билбей, өзүмдү жоготуп койчумун. Керектүү сөздөр башыма  кеч келчү. Мени капа кылган адам менен оюмда гана талашып-тартышчумун.

Биз күлүп калдык. Мен чоң бир татаал маселени чечип алгансып, жеңилдей түштүм.

– Кантип маселени тынч чечсе болот?

– Машыгып көр! Тамашалаппы, чындаппы, адегенде, ойлон, талашууга болобу же болбойбу? Эгер өз оюңду айтпай койсоң, сенде өз пикириң жок дегенди билдирбейт. Айткың келсе, айт. Сылык жана токтоо, далилдүү сүйлө. Ар бир адам өз оюн айтууга укуктуу экендигин унутпа. Салима дагы, Надя дагы...Болгону, жеңип алуу үчүн гана талашып-тартышууга болбойт.

Мага атамдын кеңеши абдан жакты. Оюн тууралуу өз пикиримди балдарга кантип айтарымды элестеттим:

– Мен эски оюн десе деле, «Майнкрафтты” жакшы көрөм. Мага бир жаңы нерсени куруу жагат. Команда менен иштөөнү абдан жактырам.

Адегенде, талаш-тартышка кошулуу керекпи же жокпу, чечип алуу зарыл. Оюндар тууралуу менин пикирим кыздарга ушунчалык эле маанилүүбү? Жок, маанилүү эмес. Баары бир, ар ким өзү жактырганды ойнойт. Менин унчукпай калганым маанилүү деле эмес.

Мектепте таштандыны ылгап чогултуу долбоору – бул эң маанилүү маселе. Жыйынтыгында, бүткүл планетанын экологиясы тууралуу сөз болуп жатат.

Бул жөнүндө эмне десем? Бир жагынан, акыры бир нерсе жасоо керек. Башка өлкөлөр жасап жаткандай, таштандыны ылгап чогултууну үйрөнүшүбүз керек. Баары-бир  аралаштыра турган болгон соң, ылгап чогултуунун зарылдыгы барбы? – деп Арслан туура айтат. Кагаздарды макулатура алган жерге өткөрсө болот. Желимди бөтөлкө жасаганга пайдаланышат. Балким, жогорку класстын балдарына жардам сурап кайрылсак, алар окуучуларды ушул долбоорго шыктандырышат.

Болду, мен оюмду толук жыйнап, даяр болдум!

Ошол күндөн тартып, эгер кандайдыр кызыктуу талкуу болсо, унчукпай калбай, өзүмдүн оюмду айтууну чечтим. Эгер кимдир – бирөө менин пикириме каршы чыга баштаса, мен ага ачууланбайм, капа болбойм. Ар ким өз пикирин айтууга, көз карашын билдирүүгө укуктуу.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

USAID АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

Автор: Мира Абдиметалиева
Сүрөтчү: Сайкал Картанбаева
Которгон жана адаптациялаган: Сулайман Рысбаев

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- **4.2 деңгээли**